## Ошинин доорундагы Караханиддер мамлекетинин коомдук-саясий жашоосу

Тимур Козукулов*

**Аннотация**

Орто Азия аймагынын тарыхынын өзгөчөлүгү тууралуу ой-жүгүрткөнүбүздө алгач эле эки нерсе эске келет. Биринчиси, түрк тектүү элдер жашаган аймак. Мына ошол элдерден азыркы учурда пайда болгон Кыргыз, Казак, Өзбек жана Түркмөн мамлекеттери түптөлдү. Экинчиси, бул аймакта түрк тектүү элдерден тарыхта мусулман мамлекети пайда болгон. Башкача айтканда арабтардан сырткары Орто Азияда Ислам официалдуу дини эсептелген Караханиддер мамлекети курулган. Караханиддердин экинчи борбору эсептелген Өзгөн шаарында көптөгөн мусулман аалымдары жашап өткөн. Караханиддер мамлекетинде жашап өткөн мусулман аалымдар диний илимдерге өз салымдарын кошушкан. Ал аалымдар жазып калтырган илимий мурастар учурубузда да баалуулугун жоготпогон. Илимдин өнүгүүсү жана күчтүү илимпоздордун чыгуусуна себеп болгон фактор мамлекет. Эгер мамлекет ага жетишээрлик көңүл бурбаса жана жакшы чөйрө түзүп бере албаса анда ал өлкөдө илимдин өнүгүүсү тууралуу сөз кылуу мүмкүн эмес. Караханиддер доорунда көптөгөн аалымдар чыккан. Алардын атак даңкы азыркыга чейин уланып келе жатат. Мисалы, Сиражиддин ал-Оши менен биргеликте Кадыхан, Сарахсий, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкари ж.б.у.с. аалымдар. Демек, Караханиддер мамлекети орто кылымда илимге жана ошондой эле диний илимге чоң салым кошкон деп айта алабыз. Караханиддер мамлекетинин тарыхын окутууда түрк элдеринин күчтүү мамлекети катары окутулеп келет. Анын илимге кошкон жактарына анча маани берилбейт. Биз макалабызда, азыркыга чейин атак даңкы уланган Сиражуддин ал-Ошинин доорундагы Караханиддер мамлекетини коомдук-саясий абалына, өзгөчөлүгүнө жана башкаруусуна токтолобуз.

**Ачкыч сөздөр:** Караханиддер, Өзгөн, Ош, Баласагын, Сатык Бугра хан, ал-Оши.

## Ûşî’nin Yaşadığı Dönemde Karahanlılar’ın Sosyal-Politik Durumu

**Öz**

Orto Asya bölgesinin tarihinin özelliğine baktığımızda ilk önce akla iki şey gelir. Birincisi, geçmişten türklerin yaşadığı bölge. Bu türk halklarınan günümüzde Kırgız, Kazak, Özbek ve Türkmen devletleri kurulmuştur. İkincisi, bu bölgede türk halklarının tarihte devlet dini islamı ilan eden devlet kurulmuştur. Şöyle söyleye biliriz, arab olmayan milletlerin devletinde yani Karahanlılar devleti İslama resmi makam veriyor. Karahanlıların ikinci başkenti sayılan Özgen şehrinde çok muslüman bilim adamları yaşamıştır. Karahanlılar devletinde yaşayan muslüman bilim adamları din bilimlerine katkıda bulunmuştur. Onlar yazıp miras bıraktıkları eserler günnümüzde bile değerini kayıp etmemiştir. İlimin gelişmesi ve güçlü hale gelmesine etki eden faktör bu devlettir. Eğer devlet ona yeterli derecede önem vermezse ve iyi bir ortam geliştirmezse o zaman o devlette ilimin gelişmesi ile ilgili söz etmemek gerekir. Karahanlılar devletinde bir çok ilim adamları yetişmiştir. Onların şöhreti hala günümüzde bile devam etmektedir. Mesela, Siracüddin el-Ûşî ile birlikte Kadıhanî, Şemsül Aimme al-Serahsi, Yusuf Has Hacip Balasagunî, Mahmud Kaşkarî v.s. demek Karahanlılar devleti orta çağda ilim ve din bilimlerine büyük katkıda bulunmuştur. Karahanlıların devletin tarihin okuturken türklerin güçlü bir devleti olarak okuturlar. Onun ilime katkısına pek önem verilmiyor. Biz tebliğimizde günümüze kadar şöhreti devam eden Siracüddin el-Ûşî döneminde Karahanlılar devletinin sosyo-politik durumuna, özelligine ve yönetimini inceleceğiz.

**Anahtar Kelimeler:** Karahanlılar, Özgen, Oş, Balasaguni, Satık Bugra Karahan, el-Ûşî.

* саяс.и.к., доцент, ОшМУ теология факультети, timurkozukul@gmail.com

**The Social-Political Situation of the Karakhans During the Period of Ūshī**

**Abstract**

When we look at the history of the Central Asian region, two things come to our mind. The first one is Turks who live in the past. Today they have established the Kyrgyz, Kazakh, Uzbek and Turkmen states. Secondly, a state was created in this region declared Islam as the religion of the state in the history of the Turkish people. It can be said that non-Arab state of Karakhans gives official authority to Islam. Many muslim scholars lived In the city of Ozgen, the second capital city of Karakhans. Muslim scholars who lived in the state of Karakhans contributed to the development of religious sciences. The books they have written and inherited have not lost their value even today. The factor that influences the development and strengthening of science is the state. If the state does not give enough importance to it and does not create a possible environment for it, then the development of science would not be realized. In Karakhans state many scholars have been educated. Their reputations are still continuing today. For example, Sirāj al-Dīn al-Ūshī, Kadihan, Shams al-A'imma al-Sarakhsi, Yusuf Has Hajib Balasaguni, Mahmud Kashgar and others. Thus, Karakhans state has made a great contribution to sciences and religious sciences in the middle ages. Karakhans state is introduced as a powerful state of Turks. But their contribution to the development of the science has not mentioned so much. In our paper we will analyze the socio-political status, characteristics and administrations of the Karakhans state in the period of Sirāj al-Dīn al-Ūshī.

**Keywords:** Karakhans, Ozgen, Osh, Balasaguni, Satyk Bugra Karakhan, al-Ūshī.

**КИРИШҮҮ**

Караханиттер, чыгыш жана батыш түркистан деп аталган аймакта алгачкы мусулман түрк үй-бүлөсү (840-1212) негиздеген жана өкүмдарлыгын жүргүзгөн мамлекеттин аталышы. Бул аталыш, бир уруудан, башкача айтканда династиянын өкүмдарлардын наамдарына карата улуу жана даражалуу маанисинде *Кара* сөзүн улам колдонулгандыгында жатат. Тарыхчы жана чыгыш таануучу В.В. Григорев, 19-кылымдын акыркы чейрегинде, башкача айтканда 1874-жылы жазган макаласында Караханиттер мамлекети сөзүнү колдонгон, мына ошондон бери Караханиттер мамлекети деп таркалып, колдонулууда. Ошондой эле ушул үй-бүлө жана алар негиздеген мамлекетке Илек хандары, Түркистан Уйгур хандары аты менен аталган. Ал эми Осмон империясы Түркистан каганаты деп атаган. Ислам булактарында ал-Хаканийа, ал-Ханийа, Мулукул-Хаканийа, Мулукул-Ханийа, Ал-и Афрасияб сыяктуу ар түрдүү аталыштар менен жазылгандыгын көрүүгө болот.

Х кылымдын акырында Кыргызстандын аймагында пайда болуп өзүнүн өкүмдарлыгын Орто Азиянын бардык аймагына тараткан жаңы династия Караханиттердин саясый тарыхы ушул кезге чейин толук маалым эмес[1]. Бартольддун белгилеши боюнча, династиянын хандарынын башкарган мезгилдеринин толук даталары жок. Ушул күнгө чейин караханиттер династиясы кайсы уруудан чыкканы да белгисиз. Сыягы, караханиттер династиясын Ягма уруусунун башчысы негиздесе керек. Караханиттер династиясын тогуз-огуз-уйгурлар негиздеген деген эски гипотезаны азыр эч ким деле колдобой калды, бирок, алардын караханиттерге олуттуу таасир тийгизгенинде шек жок[2].

1 Бартольд В. Очерк истории Семиречья. W. Barthold. Ilek-Khane. Encyclopedie de I'Islam, т. II, 496-б.

2 Barthold W. Vorlessungen Über die Geschichte der Türken Mittelasiens. Berlin, 1932. 75-б.

Караханиттер өкүмдарлары бек, илек («ил»ге башкача айтканда мамлекетке ээ болгон өкүмдар), каган жана хан наамдарын колдонушкан. Бул маселе боюнча изилдөөсү менен атак даңкы чыккан Омелиян Притсак, илек наамын мамлекеттин төрт орун басар кагандардын экөөсүнө гана колдонулгандыгын, илек менен хан бири биринен айырмаланган нааамдар экендиги жана эки башка чинди көрсөткөндүгүн белгилейт. Решат Генч болсо, Кут алчу билим жана түрдүү материалдарга таянып илек орунбасар каган үчүн эмес, каган наамынын ордуна колдонулгандыгын жана ошондой эле бул наам учур учуру менен «илек-хан, илек падышах» түрүндө экендигин белгилейт. Ал эми Кут алчу билимдеги «илек куты» сөзү болсо «мамлекеттүү өкүмдар» дегенди түшүндүрөт[3].

**Батыш Караханиттер мамлекетинин түптөлүүсү жана ислам**

Мамлекеттин экиге бөлүнүүсүнөн кийин, борбору Өзгөн болуп батышта бийлик Мухаммед бин Наср I колунда болуп жана негизги күч ээси Ибрахим бин Наср I анын атынан Самаркандда Маварауннахрды бийлегени маалым. Мухаммеддин өлүмүнөн кийин (1052/3?) болсо Ибрахим (Тамгач Бугра Кара Каган Абу Исхак Ибрахим бин Наср), мамлекеттин жалгыз бийлиги айланган. Ал Өзгөнгө барган эмес, ошондуктан Самарканд мамлекеттин борборуна айланган. Ал Караханиттер өкүмдарларынан эң атак даңкы чыккандардан. Ошондуктан ага Улуу Тамгач хан кайрылышкан. Өзгөчө, Авфи, аны идеалдуу өкүмдар деп сыпаттайт. Чындыгында ал, адилеттүү өкүмдар болгон. Ал шейхтер жана аалымдарга көрсөткөн сый урматынын айынан факихтердин пикирин албай туруп жаңы салыктарды киргизген эмес. Ибрахим Тамгач хан Самаркандда курдурган медресе жана оорукананын атак даңкы чыккан, ушундан улам ал архитектурадан да жакшы түшүнгөн алгачкы өкүмдар деп эсептей алабыз[4].

Сатук Бугра абасына каршы такты талашып, жеңип алгандан кийин исламды официалдуу дин катары кабыл алган (болжол 944-45). Бул окуя батыш Караханиттердин диний абалын өзгөрттү. Сатук Бугра, мусулманча ат Абдулкеримди алган. Ал ошол эле династиянын ичиндеги кайрымусулман Караханиттерге каршы күрөшүүдө көңүлдүү мусулмандардан пайдаланган. Сатук Бугра 955-6-жылында көз жумду жана Кашкардын түндүгүндөгү Артушка көмүлгөн[5].

Караханиттердин башкаруучу чөйрөлөрүнүн тезинен исламдашып кеткени өздөрүнүн мамлекетинде негизги өндүрүшчүлөр болгон шаардык жана дыйкан калкка жакын болууга умтулуунун көрүнүшү болгон. Ислам анчалык кеңири жайыла албаган орто кылымдагы Кыргызстанда түзүлүп, калыптанган карахандар бийлиги исламды бекем туткан дүйнө — Мавераннахр менен бетме-бет кез келишкендиктен алардын мындай умтулуусу ого бетер түшүнүктүү болуп чыгат.

Сатук уулу Муса, чыгыш каганы Арслан ханды жеңип үй-бүлөнүн бул колун жокко чыгарып, бардык Караханиттерди мусулмандаштырууга жетишкен. Андан кийин ислам дини түрктөрдүн ортосунда тез жайылган. Башка көз караш боюнча,

3 Özaydın Abdulkerim. Karahanlılar. //TDV İslam Ensiklopedisi 24-том. –Ankara: TDV, 410-б.

4 Genç Reşat. Karahanlılar tarihi. //Türkler 4-том. –Ankara: Yeni Türkiye Yayınları, 2002. 814-б.

5 Emet Erkin. Karahanlılar ve Uygurlar. //Türkler 4-том. –Ankara: Yeni Türkiye Yay., 2002. 848-б.

Муса өкүмдарлыкты алгандан соң кыска убакыттан кийин өлгөн, ордуна бир тууганы Байташ Арслан өткөн жана Караханиттер мамлекети анын доорунда бүтүндөй мусулман болушкан. Айрыкча, 960-жылы мусулманчылыкты кабыл алган 200.000 чатыр Түрк эли, Караханиттер өкүмдарлыгы астындагы аймактарда жашашкан. Байташтын (же Мусанын) ордуна өткөн уулу Абул-Хасан Алинин Караханиттер мамлекетине конушу аймактарда жашагандарды мусулмандаштыруу үчүн башталган согуштардын биринде шейит кеткендеген божомол бар (998). Ал учурда мамлекеттин батыш тарабын башкарган жээни/иниси (эркек бир тууганын баласы) (же бир тууганы) Бугра хан Хатун 990до Исфижабты басып алган жана андан кийин Саманийлер борбору Бухараны басып кирген (Май-Июнь 992). Анын бул шаарга кирүүсүнө Саманийлердин Хорасан акими Абу Али Симжуринин ролу жана ортолорунда жашыруун келишим болгон. Ал келишим боюнча экөөбү Саманийлердин аймактарын бөлүшмөк. Бугра хан бул келишимди бузган. Бирок, ооруп калып ал шаардан чыгып кетүүгө мажбур болгон. Анын бул шаардан чыгып кетүүсүнө Саманийлерге жардамга келген Арслан бин Селжуктун карамагындагы огуздардын ролу болушу ыктымал. Бугра хан Кашкарга кайтып келе жатып жолдо көз жумган[6].

Башка бир көз-караш боюнча, Караханиттер түргөш каганынын мурдагы ордосу болгон Баласагунду өзүнүн борбор шаарына айландырат. Бугра Кара хан деген титулу бар Абдулкерим Харун (992-ж. өлгөн) жана Илек Наср Маверауннахрга өз жортуулдарын ушул жерден башташкан. 999-ж Илек Наср Бухараны басып алгандан кийин ирандык саманилердин династиясы токтойт[7]. Бухара караханиттердин ээликтеринин эң четки батыш борбору болуп калат, анткени Аму-Дарыянын сырт жагында алардын жортуулу селжуктар менен хорезмшахтар тарабынан токтотулган болучу.

Арслан Илек деген титул алып жүргөн Наср борбору Өзгөн шаары болгон Маверауннахрдын уделдик башкаруучусу болуп калат. Өзгөндөн ал Бухарадагы караханиттердин акими Тегин ханды кууп чыккан, мунтасир деген лакап аты бар, Саманийлик Абу Ибрахим Исмаилдин көтөрүлүшүн басуу үчүн жөнөйт. 1005-ж. Саманийлердин акыркы өкүлү өлтүрүлүп, караханиттер кайрадан Маверауннахрда өз бийлигин орнотушат. Мунтасирдин жолун жолдоочулар туткундалып, маверауннахрдык караханиттердин ордосу Өзгөнгө көчүрүлөт.

### Караханиттердин саясий турмушу

Өтүкөндөгү Уйгур мамлекети 840-жылы Кыргыздар тарабынан кыйратылгандан кийин Орто Азиянын тарыхый процессин деталдуу так аныктоого мүмкүн болбой жаткандыгын белгилешет. Ошондуктан Караханиттердин негизделүү доору жетиштүү даражада так аныкталбаган жана бул өзүнчө изилдөө маселеси боюнча турат[8].

6 Ошол эле жер.

7 Бартольд В. Түркестан в эпоху монгольского нашествия. ч. II, СПб., 1900. 281-б.

8 Yazıcı Nesimi. İlk Türk-İslam devletleri tarihi. 6.baskı. –Ankara: TDV yayınları, 2007. 130-131-беттери.

Караханиттер мамлекети байыркы түрк башкаруу салтына төп келген экилик түзүлүш негизинде жүргүзүгөн. Чыгыш жана батыш болуп экиге бөлүнгөн мамлекеттин чыгыш жагын түздөн түз улуу каган, батыш тарабын болсо анын өкүмдарлыгын тааныган жана ага көз-каранды болгон үй-бүлө тарабынан башкарылган. Мисалы, Абу Наср Ахмад бин Али да ага баш ийип, Ферганадан баштап Маварауннахр кошо мамлекеттин батыш жагын башкарган. Мындай жагдай мамлекет экиге бөлүнгөн 1041/1042-жылга чейин улантылган[9]. Вилаяттар болсо үй-бүлө мүчөлөрү, жардамчы жана ve аймак башкаруучулары (вали, губернатор, аким) тарабынан башкарылган. Мисалы, Илек хан Наср, Самаркандды башкарууну бир тууганы Жафар Тегинге берип жатып, Бухарага да аким дайындаган[10]. Башка түрк мамлекеттеринде болгондой эле аскердик мүнөзгө ээ болгон Караханиттерде да ордо сарай корукчулары, атайын аскердик орду үй-бүлө мүчөлөрү менен аким жана башка мамлекет адамдарына баш ийген күчтөр, Чигил, Карлук сыяктуу мамлекеттер сыяктуу эле түрк урууларына тиешелүү күчтөрдөн куралган. Ятгак (түнкү корукчулар) жана тургак (күндүзгү корукчулар) деп аталган Сарай корукчулары өкүмдарды жана сарайды түнү-күнү кайтарууга милдеттүү болушкан. Гуламдар кичинекей жашынан сатып алынып атайын даярдыктан өтүшкөн. Гуламдардан түзүлгөн корукчуларды атайын дайындалган адам башкарчу[11]. Өлгөн өкүмдардын жана мамлекет адамдарынын гуламдары жаңы өкүмдарга кызмат кылышкан[12]. Түздөн түз өкүмдарга баш ийген айлык маяна менен өтөгөн Хасса ордосу жөнүндө жетиштүү деңгээлде маалымат жок. Бирок, Арслан хан Мухаммед бин Сулаймандын 12000 түрк кулдардан турган ордосу бар экендиги маалым. Ордонун айлык акысын жана согушка керектелүүчү курал жарактары менен алектенген жана аскерлерди каттап турган диван мекемеси (Диваны Арз, Диванул-жайш) бар экендиги маалым. Аскерлердин аты-жөнү жана айлык акы табельдери айдын аягы деп аталган атайын дептерге катталган. Өзгөчө батыш Караханиттерде хасса аскерлери айлыгын ээси болгондугун айтууга болот. Өкүмдар атайын аймакты жана вилаятты башкаруу үчүн милдеттендирилген үй-бүлө мүчөлөрү жана акимдердин да өздөрүнө тиешелүү аскердик ордосу болгон[13].

**Мамлекетти башкаруу структурасы**

Караханиттердин мамлекеттик түзүлүштө орун алган вазирлер башчылык кылган чоң диван жөнүндө маалымат жок. Бирок, Санжар негиздеген диванындан чыккан кээ бир каттарда батыш Караханиттердин мажлиси али тууралуу тез тез айтылуусу, Караханиттерде да ушундай диван бар экендигин көрсөтүүдө[14]. Караханиттерде чоң диванга караштуу башка дивандардын бар же жок экендиги тууралуу жетиштүү маалыматтар жок. Аны менен бирге казыначынын ордуна агычы,

9 Genç Reşat. Karahanlı devlet teşkilatı. –İstanbul, 1981. 269-б.

10 Ошол эле жер. 270-б.

11 Ошол эле жер. 288-б.

12 Ошол эле жер. 290-б.

13 Özaydın Abdulkerim. Karahanlılar. //TDV İslam Ensiklopedisi 24-том. –Ankara: TDV, 411-б.

14 Genç Reşat. Karahanlı devlet teşkilatı. –İstanbul, 1981. 255-б.

тугранын ордуна битикчи деп айтылуусу, ылымга жана тамгачы (мөөрдү алып жүргөн) сыяктуу милдеттер тууралуу айтылуусун эске алып диван уюму бар экендигин айтууга болот[15].

Карахандардын империясы уделдерге бөлүнөт. Карахандардын мамлекеттик түзүлүшү жөнүндө В. Бартольд мындай деп жазат: «Карахандардын мамлекетинде, бардык көчмөн империялардагыдай эле, уруулук менчик жөнүндөгү түшүнүк жеке укук мамилелери жагынан мамлекеттик укук жөнүндөгү түшүнүккө айланат. Мамлекет бүткүл хан тукумунун менчиги болуп саналган жана көптөгөн уделдерге бөлүнгөн; ири уделдер өз кезегинде көптөгөн майда уделдерге бөлүнгөн; империянын башчысынын бийлиги кээде өтө күчтүү вассалдар тарабынан таанылган эмес. Уделдик система, бардык учурдагыдай эле, тез-тез болуп турууч өз ара кагылышуулардын жана башкаруучулардын тынымсыз алмашып турушунун себеби болгон[16].

**Элчилик**

Караханиттер доору жөнүндө Жусуп Баласагундун (Жусуп Хас Хажип) Кут алчу билигинде, элчилерди даярдоодо алардын сыпаттары (мүнөздөрү) жана кемчиликтери тууралуу маалыматтарды берет. Анын сыпатташы боюнча элчи адамдардын арасында белгилүү (таанымал), акылдуу, тандалган (өзгөчөлөнгөн) жана эр жүрөк болуусу керек. Алланын кулдарынын арасында өзгөчөлөнгөн жана адамдардын эң жакшысы элчилер. Көптөгөн иштер элчилер аркылуу ишке ашат жана жакшы жыйынтык алардын эмгегинин натыйжасында болот. Ийилик жаратыш үчүн элчи сөздүн ички жана сырткы маанисин жакшы билиш керек. Элчинин көзү жана көнүлү ток, туура адам жана намыстуу, назик болуп, көп окуусу керек. Көп тил билүүсү шарт. Жакшы сөздөр айтып, ыр окуй алышы керек. Өкүмдар мындай сапаттарды кимде көргөн болсо, ошону элчи кылып дайындоосу керек, себеби ал сыпаттарга ээ болбогон адам элчилик милдетин аткара албайт. Адамзатты бири бирине карама каршы кылып коет[17].

**Аскердик түзүлүшү**

Караханиттердин ордосунда башында Чигилдер болуп түрк урууларына тиешелүү күчтөр болгон. Чигилдердин кол башчылары Караханиттер менен Селжукиттер ортосундагы саясий мамилерде маанилүү роль ойношкон. Ошондой эле Карлуктар дагы XII кылымга чейин Караханиттер ордосунда кызмат кылышкан. Али Тегиндин Бухарага жакын жайгашкан Харлук-ордосу деп аталган аскерий гарнизону Карлуктардын Караханиттер ордосуна кызмат кылгандыгын көрсөтүүдө. Уграктардын Уйгурлар менен болгон согуштарда Караханиттердин ордосунда кызмат кылышканын, Басмил жана Чомулдар да кызмат өтөшкөнү маалым[18]. Гунндар менен иштелип келген ОНдук система Караханиттер ордосунда да

15 Özaydın Abdulkerim. Karahanlılar. //TDV İslam Ensiklopedisi 24-том. –Ankara: TDV, 410-б.

16 Бартольд В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. ч. II, СПб., 1900. 288-б.

17 İpşirli Mehmet. Elçi. //TDV İslam Ensiklopedisi 7-том. –Ankara: TDV yayınları, (3-15) 6-б.

18 Genç Reşat. Karahanlı devlet teşkilatı. –İstanbul, 1981. 296-б.

колдонулгандыгын айтууга болот. Эң кичинекей аскерий бөлүккө Отаг, ал эми башчыларына отагбашы деп аталган. Отагбашчынын кол астында он адамдан турган аскер бар экендиги божомолдонот. Андан кийин ирээти менен элүү адамдан түзүлгөн Хил (Хайл) жана Ононтаг деп аталган аскер бирдиги болгон. Он-отагтын божомол боюнча 100 адамдан куралгандыгы белгилүү болууда[19]. Ар бир ордонун башында турган башчы субашы наамы менен эскерилген. Жусуп Хас Хажиптин «Он эки миңдик ордо чоң бир күч» жана «Төрт миң аскер толук камдуу ордо» түрүндө айтылган бул ордолордун 4000-12000 адамдан турган аскерий биримдиктер түзүлгөнүн божомолдоого болот[20].

**Нормативдик-укуктук актылары**

Өкүмдарлардын буйругуна Жарлык деп айтылган жана алар өкүмдардын тамгасын ташыган. Уйгур ариптери менен жазылган жарлыктарын калем менен жазган катчыларга ылымга аты берилген[21]. Казына агы казнакы жана казнак, кийинчерээк казына жана кана, казыначыга болсо агычы деп айтылганы жана XI кылымдын экинчи жарымынан баштап экономика менен алектенгендерге муставфи жана амил наамдарын колдонулгандыгы маалым[22]. Караханит өкүмдарлары жеке өздөрү ырайымсыздык сотторуна төрагалык кылышкан сыяктуу өкүлчүлүк кылуусу үчүн казыны да дайындаган. Мисалы, Тамгач Бугра хан Ибрахим бин Наср, Казы Абу Наср Мансур бин Ахмад бин Исмаилды Самарканд жана айланасына ырайымсыз сотуна дайындаган[23]. Шарий доолорго болсо казылкудаттын жардамчысы сыпатында болгон казылар карайт болчу. Батыш Караханит өкүмдары Ахмад бин Кызыр хан, казы жана фикх аалымдарынан турган соттук коллегия тарабынан бузуку деген күнөө менен өкүм чыгарылып жана өлүм жазасына тартылган.

**Караханиттер доорунда белгилүү шаарлар жана аалымдар**

Фергана өрөөнүндө жайгашкан Түштүк Кыргызстандын эң маанилүү шаарларынан Ошто Макдисинин (ислам аалымы, тарыхчы) берген маалыматы боюнча ар тараптан ислам аалымдары топтолушуп, пикир алышуу илимий борборуна айланган экен[24]. Матуридийлик (Итикад башкача айтканда ишеним системасы боюнча агым, Орто Азия жана Фергана өрөөнүндөгү калктарды матуридийлик тарапкер экендиги айтылууда) теология (калам) окуусу Самаркандда негизделип, Насафта жоромолдонуп системалаштырылды, Оштук Али бин Осман ал-Оши тарабынан адабият усулунда ыр түрүнө айланды деп белгилейт[25].

19 Ошол эле жер. 317-б.
20 Özaydın Abdulkerim. Karahanlılar. //TDV İslam Ensiklopedisi 24-том. –Ankara: TDV, 411-б.
21 Genç Reşat. Karahanlı devlet teşkilatı. –İstanbul, 1981. 259-б.
22 Ошол эле жер. 263-б.
23 Genç Reşat. Karahanlı devlet teşkilatı. –İstanbul, 1981. 266-б.
24 Makdisi Şemsüddin Ebu Abdillah Muhammed b. Ahmed b. Ebi Bekr el-Bena eş-Şami (990). Ahsenü't-Tekasim Fi Ma'rifeti'l-Ekalim. –Leiden, 1967. 272-б.
25 Acımamatov Zaylabidin. Ebu Hanife ve Fergana vadisindeki etkisi. (Диссертация) –Ankara, 2005. -127-128-беттер.

Ал эми Түштүк Кыргызстан аймагында орто кылымдарда көптөгөн атагы чыккан ислам аалымдары жашап өткөн. Алардын азыр деле аброю ислам дүйнөсүндө дагы деле сакталууда. Оштон Масуд бин аль-Оши (хижрий боюнча 519/1125), Али бин аль-Оши (569/1173), Абу Абдуллах Насруддин аль-Оши (592/1195), Умар бин Муса аль-Оши (12-кылым), Мухаммед бин Ахмед аль-Оши (613/1216), Мухаммед бин Алим аль-Амил аль-Оши (741/1340) жана Өзгөндөн Махмуд бин Абдулазиз аль-Өзгенди, Фахруддин Хасан бин Мансур аль-Өзгенди. Ал эми даталар болсо алардын туулган жылы эмес дүйнөдөн кайткан жылдарын билдирет. Бардык эле ислам аалымдары жөнүндө бир гана дүйнөдөн кайткан жылдары гана белгилүү. Ошондой эле ислам укукчусу Шамсуддин Сарахсий да Өзгөндө жашап өткөн. Анын күмбөзү Өзгөн шаарында сакталууда.

**Корутунду**

Кайсыл бир тарыхка көз жүгүртүүдө тарыхый личносттордун феномени аркылуу жүргүзүлөт. Бардык ой жүгүртүүлөр ошол тарыхый личносттун призмасы аркылуу болот. Эмне үчүн айлана-чөйрө призмасы аркылуу жүргүзүлүп, ал объектти экинчи планга коюп каралбайт. Ошондо комплекстүү болмок. Ошондой эле ал-Ошийдин личностту аркылуу тарыхка көз чаптырылууда. Ал эми ошол аалымды таптап чыккан бул мамлекет эмеспи деген суроо туулбай койбойт. Жогоруда да аталып кеткен илимпоздор да мына ушул аалым жашаган мамлекеттен чыгышкан. Демек, из калтыра турган аалымдардын чыгуусуна мамлекеттин орду эбегейсиз деп ишенимдүү айтууга болот.

Ал эми Караханиттердин коомдук-саясий турмушу тууралуу маалыматтар жокко эсе. Негизинен жогоруда токтолгондорубуз тууралуу маалыматтар гана бар экен. Ал эми коомдук-саясий турмушу алгачкы булактарды же кол жазмаларды таап изилденүүсү абзел деп ойлойбуз.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**

Acımamatov Zaylabidin. Ebu Hanife ve Fergana vadisindeki etkisi. (Диссертация) –Ankara, 2005.
Barthold W.Vorlessungen Über die Geschichte der Türken Mittelasiens. Berlin, 1932.
Emet Erkin. Karahanlılar ve Uygurlar. //Türkler 4-том. –Ankara: Yeni Türkiye Yayınları, 2002.
Genç Reşat. Karahanlı devlet teşkilatı. –İstanbul, 1981.
Genç Reşat. Karahanlılar tarihi. //Türkler 4-том. –Ankara: Yeni Türkiye Yayınları, 2002.
İpşirli Mehmet. Elçi. //TDV İslam Ensiklopedisi 7-том. –Ankara: TDV yayınları, (3-15).
Makdisi Şemsüddin Ebu Abdillah Muhammed b. Ahmed b. Ebi Bekr el-Bena eş-Şami (990). Ahsenü't-Tekasim Fi Ma'rifeti'l-Ekalim. –Leiden, 1967.
Özaydın Abdulkerim. Karahanlılar. //TDV İslam Ensiklopedisi 24-том. –Ankara: TDV.
Yazıcı Nesimi. İlk Türk-İslam devletleri tarihi. 6.baskı. –Ankara: TDV yayınları, 2007.
Бартольд В. Очерк истории Семиречья. W. Barthold. Ilek-Khane. Encyclopedie de I'Islam, т. II.
Бартольд В. Түркестан в эпоху монгольского нашествия. ч. II, СПб., 1900.